Изденүүчү Нурия Эрмекбаевна Сапиева айымдын **“Азыркы мезгилдеги кыргыздардын ислам динине чейинки ишенүүлөрүнүн жашап келиши (Фергана өрөөнүнүн түштүгүнүн мисалында)”** деген темадагы 07.00.07. – этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган кол жазмасына, КР УИАнын Б. Жамгырчинов атындагы тарых, археология жана этнология институтуна жана Ж. Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетине караштуу 07.23.674 Диссертациялык кеңешинин мүчөсү, т.и.д., профессор Тынчтыкбек Кадырмамбетович Чороевдин (Чоротегиндин)

## РАСМИЙ ОППОНЕНТ КАТАРЫ ПИКИРИ

Азыркы тапта дагы шаманизм жана теңирчилик диний ишенимдеринин издери сакталган фу-йү кыргыздарын (тарыхый Манжурия, б.а. КЭРдин Хэйлуңжаң аймагы) жана бутпарас дининин ламачылык нугуна табынган тарбагатай кыргыздарын (КЭРдин ШУАРы) эске албаганда, бүгүнкү кыргыз улуту мусулман элдерине кирет жана суннийлик нуктун ханафийлик мазхабынын жолдоочулары болуп саналышат.

Ошого карабастан, азыркы кыргыз улуту исламга чейинки бир катар диний ишенимдердин айрым белгилерин сактап калгандыгы да маалым. Арийне, атамекендик тарыхнаамабызда жана этнография илиминде ошол белгилерди иликтөө жаатында алигиче олуттуу өксүк бар. Дал ошондуктан изденүүчү Нурия Эрмекбаевна Сапиева айымдын Фергана өрөөнүнүн түштүк аймактарындагы кыргыздардын мисалында азыркы доорубуздагы мусулман кыргыздардын диний ишенимдеринде жана маданий салттарында сакталып кала берип жаткан бир катар исламга чейинки ишенимдерди атайын диссертациялык деңгээлде иликтөөгө алышы өзгөчө кубаттоого татыйт: бул тема өзгөчө ургаалдуу (актуалдуу) болуп саналат.

Изденүүчү Н.Сапиева калыс белгилегендей, исламга чейинки ишенимдер жана аларга байланыштуу ырым-жырымдар, жөрөлгөлөр азыркы күндө да кыргыздардын арасында колдонулуп келүүдө. Изденүүчү өзү иликтеген чөлкөмдүк маалыматтага негизденип, Ферганалын түштүгүндөгү кыргыздарда исламга чейинки бир катар ишенимдердин коомдук жаңы шарттарга ыңгайлашып, ислам дини менен жуурулушуп, синкреттик мүнөздө элге кызмат кылып жаткандыгын тастыктоого жетишкен.

Албетте, эгерде Теңир-Тоодо көчмөн кыргыздар жана башка түрк тилдүү калктар ислам динин Карахандар каганаты доорунан, б.з. X кылымдан тартып ыктыярдуу кабыл алышса, ал эми көп этностуу Мавераннахрда ислам VIII кылымдан тартып таңууланып, күч менен жайылтыла баштаган.



ОК: Габдулганиева А.Я.

ДС 07.23.674
Вх. № 2025/20 от 20.05.25
Уч. секр.

Ислам дини кыргыз коомунда тамырын терең жайып, элдин басымдуу көпчүлүгү өздөрүн мусулман катары тааныган шартта дагы, бир катар элементтери сакталып калган эски ишенимдерди иликтөөгө алуу, илим үчүн мааниси чоң экенин диссертант калыс баса белгилейт.

Диссертант Н.Э.Сапиева азыркы мезгилдеги кыргыздардагы исламга чейинки ишенимдердин ээлеген ордун, алардын сакталып калуу себептерин, өзгөчөлүктөрүн ж.б. жактарын өзү топтогон ферганалык талаа матералдарынын жана башка маалымат булактарынын негизинде ар тараптуу талдоого алууга жетишкен.

Асыресе Фергана өрөөнүнүн түштүгүндөгү Баткен, Кадамжай жана Ноокат өрөөндөрүндөгү исламга чейинки ишенимдердин сакталышынын өзгөчөлүктөрү бул диссертациялык эмгектин атайын мерчемине алынышы – бул изилдөөнүн өзгөчө оригиналдуу экендигин таасын көрсөтөт. Жалпысынан мусулман кыргыздардын турмушундагы исламга чейинки ишенимдердин издери боюнча бир катар изилдөөлөр буга чейин эле жүзөгө ашырылып келгендигине карабастан, аталган өрөөндөрдө байырлап жаткан мусулман кыргыздардын турмушундагы исламга чейинки диний ишенимдер жаатындагы алгачкы конкреттүү изилдөө Н.Э.Сапиева тарабынан алгачкы жолу жүзөгө ашырылды.

Демек, изденүүчүнүн диссертациялык иш катары изилдөө жүргүзүү үчүн тандап алган темасынын жүгү заманбап тарых илими жана этнография тармагы үчүн жаңычылдыгы менен айырмаланат.

Изденүүчү Нурия Эрмекбаевна Сапиеванын “Азыркы мезгилдеги кыргыздардын ислам динине чейинки ишенүүлөрүнүн жашап келиши (Фергана өрөөнүнүн түштүгүнүн мисалында)” деген темадагы диссертациялык эмгеги “Киришүүдөн”, алты баптан турган негизги бөлүмдөн, “Корутундудан”, адабият тизмесинен жана “Тиркемеден” турат. Тиркемеде маалымат берүүчүлөрдүн тизмеси, глоссарий, фото сүрөттөр камтылган.

Киришүүдө диссертациянын темасынын зарылдыгы, ургаалдуулугу, изилдөөдөгү максаттар жана милдеттер, коргоого коюлган жоболор, изденүүчүнүн саамалыктары жана жаңычылдыгы, эмгектин апробацияланышы ж.у.с. жөнүндө маалыматтар камтылган.

Диссертациянын биринчи бабында тандалган теманын иликтениш тарыхнаамасы үч параграфта таразаланган.

Экинчи бапта изденүүчү өзү үчүн алгылыктуу санаган методология жана методика (усулдар топтому), ошондой эле изилдөө булактары тууралуу кеңири маалымдайт.

Диссертациянын үчүнчү бабы фетишизмге, отко, жер-сууга табынууга жана Умай энеге байланыштуу этнографиялык маалыматтарды талдоого арналган.

Төртүнчү бапта тотемдик ишенимдердин саркындылары тууралуу этнографиялык маалыматтар өзгөчө талдоого алынган.

Бешинчи бапта ата-бабалардын арбагына ишеним жана сөөкөкмүүү жөрөлгөлөрүндөгү ислмга чейинки каада-салттардын калдыктары жөнүндөгү малыматтар иликтөөгө алынган.

Диссертациялык эмгектин соңку – алтынчы бабында эмчи-домчу, бакшылардын коомдогу ордуна байланыштуу өтө кызыктуу этнографиялык маалыматтар илим чөйрөсүнө киргизилген.

Изденүүчүнүн кыргыз элинин Чыгыш жана Батыш Түркстандын отуруктатшкан калкы менен болгон кылымдар бою тыгыз байланыштары да кыргыз бакшыларынын турмушунд чоң ролду ойногон, деген бүтүмү өтө негиздүү деп санайбыз.

Эмгектин "Корутунду" бөлүгү жалпы изилдөөнү жыйынтыктайт. Мында талданган темага байланыштуу этнографиялык сөздүк түзүү сыяктуу бир катар алгылыктуу сунуштар дагы камтылган.

Жалпысынан, диссертациялык изилдөө бир катар жаңычылдыгы менен айырмаланат. Өзгөчө баса белгилөөчү жагдай – бул, албетте, изденүүчүнүн талаа изилдөө материалдарынын арбындыгы.

**Илимий жыйынтыктар.** Диссертациялык иште изденүүчү Н.Сапиева тарабынан бир катар жобо коргоого коюлган. Алар төмөнкүлөр:

1. Фергана өрөөнүнүн түштүгүндөгү жашаган кыргыздарда азыркы таптагы ислам динине ишеним менен биргеликте исламга чейинки (архаикалык ж.б.) ишенимдер, башкача айтканда фетишке, отко, Жер – Сууга, Умай энеге, тотемге, Ата-бабалардын арбактарына, ар кандай мазарларга, кожо-эшендерге, бакшыларга ишеним түрлөрү да сакталып, ошону менен бирге ал ишенимдер ислам дини менен терең синкреттелишип жана өзгөчөлөнүп жашап келет, деген бүтүм.

2. Ислам динин тездикте жана терең таралышы менен биргеликте эле, Фергана өрөөнүнүн түштүгүндөгү жашаган кыргыздарда фетиштик ишенимдер – жалгыз (ыйык саналган) даракка, булактарга, ташка, тумарга ж.б. жансыз нерселерге болгон ишеним дагы деле болсо сакталып келет. Алар жансыз "ыйык" буюмдар элдин тагдырына, келечекте жардам берет, ар кандай суук көздөн жана сөздөн сактайт деп ишенишет. Ошону менен биргеликте эле, аларга ишенип, аларды балаадан сактоочу катары карашып, ал түгүл Куран багышталып окулуп, бир эле маалда Алла таалага да ишенишет. Кыргыздардагы фетишизм ислам дини менен ар тараптан синкреттелип кеткен жана ал жүрүм азыр да улантылып жатат, деген бүтүм.

3. Фергана өрөөнүнүн түштүгүндө байырлап жаткан кыргыздар отту ыйык тутуп, дээрлик бардык салт-санаасында жана үрп-адаттарында аны

колдонушат. От тазалайт, аруулантат жана жамандыктардан сактайт деген ишенимде алар ысырык түтөтүү, шам жагуу жөрөлгөлөрүн катмы-Куран түшүрүү менен коштоп келишет. Жер-Суу ишенимине арналган жөрөлгөлөр Фергана өрөөнүнүн түштүгүндө жашаган кыргыздардын турмушунда жаздын келүүсү менен өткөрүлүп, бул ырымдар ар бир кокту-колоттун, тоонун, суунун ээси бар эгер аларга курмандыктар чалынса, алар түрдүү кырсыктардан сактайт деген ишенимде жасалат. Алар менен биргеликте Куран окулуп, Алла тааланын аты аталып, бата тиленилет, деп белгиленет.

4. Фергана өрөөнүнүн түштүгүндө байырлап жаткан кыргыздардын жашоосунда Умай-энеге ишенүү аялдар гана бара турган мазарлар жана аялдар гана өткөрө турган чакан кудайылардын тынымсыз өткөрүлүшү менен сакталган; демек, Умай эне ишеними алигиче жашап келет. Бул жөрөлгөлөр Умай эне коргойт жана жардам берет деген мааниде аткарылып, Курандагы түрдүү сүрөөлөр жана аяттар да окулуп, Алла тааланын аты аталат. Кыргыздардагы Умай эне ишеними исламдашып, ар тараптан синкреттелип кеткен. Ал жүрүм азыр да улантылууда, дейт изденүүчү.

5. Фергана өрөөнүнүн түштүгүндө жашаган кыргыздардын кожо жана эшендер көмүлгөн мазарларга зыярат кылуусу улантылууда; алардын рухтары зыярат жасагандардын ден соолугуна, өздүк көйгөйлөрүнүн чечилишине жардам берет деген ишенимде жөрөлгөлөр аткарылып, аларга аталып Куран окулуп, курмандыктар чалынат. Ал мазарлардын коомдо дагы деле орду бар болуп, ислам дини менен синкреттешип, азыркы күндө өз ордун жоготпой келет, деп санайт изденүүчү.

6. Тотемдик – ыйык деп эсептелген түрдүү жаныбарлардын дене бөлүктөрүнө ишенүү, кайберендин каргышынын болушуна жана алардын колдоочу пирлеринин бар экендигине ишенүү Фергана өрөөнүнүн түштүгүндө жашаган кыргыздардарда алигиче сакталып келет. Ыйык деп эсептеп, жаныбарлардын дене мүчөлөрү соодада, көз тийүүдөн сактоодо, жаш балдарга жана боюнда бар аялдарды эмдөөдө колдонулуп келет, делет бүтүмдө.

7. Фергана өрөөнүнүн түштүгүндөгү жашаган кыргыздардарда Ата-бабаларга болгон ишеним алигиче жашап келет. Алардын рухтары жашайт деген ишенимдер бар жана аларга аталып Куран окулуп, курмандыктар чалынат. Ата-бабалар арбагына ишенүү ислам дини менен синкреттешип, азыркы күндө да коомдо да өз ордун жоготпой келет, дейт изденүүчү.

8. Сөөк көмүү мезгилиндеги исламга чейинки салт-санаалар сакталып, ислам дини менен биргеликте эле аткарылып келет. Мисалы, ислам дининин шарттары да аткарылып, андан тышкары жоктоп ыйлоо, кошок айтуу, жыртыш берүү, аза күтүү, көк кийүү, ак кийүү, бейшембилик, кыркы, жылдыгы, айттыктарын өткөрүү жөрөлгөлөрү менен байланыштуу каада-салттык жүрүм азыр да орун алууда, деп белгилейт изденүүчү.

9. Бакшыларга, жин кубар молдолорго, эмчилерге болгон ишеним, замандын өнүгүүсүнө ылайыкташып, алигиче сакталып келет. Бакшылар ж.б.

бир эле учурда Курандын аяттарын жана сүрөөлөрүн окуп, дем салышат. Бул жөрөлгөлөр кишини ар кандай жамандыктардан сактап, нерв оорууларынан айыктырат, деп бакшылар ишенишет. Ошону менен биргеликте эле, аларга калайыктын бир бөлүгү ишенип, аларды сактоочу катары карап келишет, деген бүтүм изденүүчү тарабынан чыгарылган.

Изденүүчүнүн диссертациясындагы мол материалдар менен таанышуунун негизинде төмөнкү жагдайларды баса белгилейбиз:

Изденүүчү Н.Э.Сапиева айым бул диссертациянын үстүнөн 2015-ж. бери, б.а. он жылдан ашуун убакыт эмгектенген.

Изилденген аймактын айылдарын диссертант жеке өзү кыдырып, талаа материалдарын кылдат чогулткан. Тиркемедеги сүрөттөр, видеолор изденүүчүнүн талаа иликтөөлөрү маалында жүзөгө ашырган ар тараптуу иштери жөнүндө таасын далил болуп саналышат.

Изденүүчү тарабынан илимий адабияттардан жана башка ар кандай булактардан алып топтогон маалыматтар берилген теманы ачып берүүдө зарыл фактологиялык материал катары кызмат кылган.

Чөлкөмдөгү кыргыздардын исламга чейинки ишенимдерин андан ары изилдөө кыргыздардын башка тектеш жана коңшу этностор менен этногенетикалык жана этномаданий мамилелерин жаңыча аныктоого жардам берээри бышык. Бул жаатта Н.Э.Сапиеванын диссертациясы жалпы чөлкөмдүк этнография тармагы үчүн дагы маанилүү салым болуп калмакчы.

Изденүүчү Н.Э.Сапиева француз философу жана социологу Эмил Дюргеймдин социалдык жана антропологиялык теориясына таандык жана башка ой-мурастарды ыгы менен колдонгонун да белгилей кетсек болот.

## Диссертациядагы жыйынтыктын жана корутундунун (илимий жоболордун) негиздүүлүгүнүн жана ынанымдуулугунун деңгээли

Коргоого коюлган диссертациялык иштин жыйынтыктары, топтолгон эмпирикалык (коомдук турмуш тажрыйбасынан алынган) маалыматтарды, ар кайсы булактарды, илимий адабиятты терең талдоо, изилдөөнүн зарыл ыкмаларын пайдалануу менен жыйынтык чыгарылган.

Эмгектин негиздүүлүгү менен ынанымдуулугунан эч кандай күнөм саноого болбойт, анткени изденүүчү факт материалдарына таянуу менен бүтүмдөр чыгарган.

## Диссертациядагы жетишилген илимий жыйынтыктардын практикалык мааниси

Диссертацияда архаикалык ж.б. исламга чейинки ишенимдердин белгилеринин азыркы күндө дагы сакталып, жергиликтүү элдин коомдук практикасында колдонулуп келе жаткандыгы боюнча жетиштүү илимий жыйынтыктар чыгарылган. Изилдөө Фергана өрөөнүнүн түштүгүндө байырлаган кыргыздардын руханий маданиятынын архаикалык ж.б. ишенимдерге байланыштуу жагын түшүнүп билүүгө мүмкүндүк берет.

Изденүүчүнүн илимий айлампага киргизген оригиналдуу материалдарынын, чыгарган корутундуларынын жыйындысы азыркы этнография илими үчүн гана эмес, заманбап дин саясатын аңдоодо жана аны жүргүзүүдө дагы олуттуу мааниге ээ деп санайбыз. Диссертациянын табылгалары жана негизги мазмуну Кыргызстанда жалпыланган тарыхый-этнографиялык илимий эмгектерди, окуу куралдарын жазууда, окуу жайларында тийешелүү темалар боюнча сабак өтүүдө колдонулушу кажет.

**Автореферattын диссертациянын мазмунуна туура келиши**

Автореферат диссертациялык иштин теориялык-методологиялык компонентин, теманын изилдөө деңгээлин, негизги мазмунун кыскартылган түрдө жана таамай чагылдырып турат. Алардын мазмуну бири-бирине шайкеш келтирилип, кыргыз, орус, англис тилдериндеги резюмелер менен жабдылган.

**Диссертациянын негизги жоболорунун, жыйынтыктарынын жетиштүү санда жарык көрүшү**

Диссертациялык изилдөөнү жүргүзүүнүн алкагында изденүүчү тарабынан жазылган илимий макалалар жана жасалган баяндамалар Кыргызстандагы жана чет өлкөлөрдөгү басылмаларда, анын ичинде РИНЦ базасына кирген илимий журналдарда жарыяланган. Алардын жалпы саны – 14.

**Диссертациянын мазмунундагы жана аны жабдуудагы кемчиликтер жана изденүүчүгө сунуштар**

Илимий изилдөөдө кетирилген кээ бир кемчиликтерди жана өксүктөрдү да изденүүчү болочоктогу эмгектеринде эске алуусу үчүн айта кетүү зарыл.

Маселен, диссертациянын биринчи бабында изилденген теманын тарыхнаамасы падышалык орусиялык, советтик жана постсоветтик баскычтарга гана бөлүнүп, чет элдик изилдөөлөр үчүн атайын параграф ажыратылбагандыгы өкүндүрөт. Болочокто илимий монография жарыялоодо изденүүчү чет өлкөлүк изилдөөлөр үчүн атайын бөлүмчө арноосу абзел.

Изденүүчү диссертациянын булактары жаатында талдаган маалында жалаң гана талаа материалдарын санап чектелген. Бул – жетишсиз. Иш жүзүндө изденүүчү диний ишенимдер чгылдырылган жазма булактарды дагы булактар тизмесинде көрсөтүүгө тийиш болчу. Алардын арасында фольклордук (оозеки жана жазма) чыгармалар (маселен, Молдо Нияздын чыгармалары), диалектологиялык сөздүктөр, диний мазмун камтылган ар кыл чыгармалар көрсөтүлүшү керек болчу.

Ферганадагы сабаттуу кыргыздар жана башка түрк тимлдүү аалымдар орто кылымдардан бери эле калайыктын диний ишенимдерине таасир тийгизген чыгармалар жаратып келишкен.

Маселен, XVI кылымда жашаган ферганалык аалым Сайф ад-Дин (Сайпидин) Ахсыкенди тарабынан фарсыча жазыла баштаган жана анын уулу Нооруз Мухаммед (1494–1592) тарабынан соңуна чыгарылган "Мажму ат-таварих" ("Тарыхтар жыйындысы") эмгеги дагы шилтеме кылууга татыктуу жазма булактардын катарына кириши абзел. Теги кыргыз экендиги түкшүмөл кылынган ата-бала Ахсыкендилер кыргыздар Фергана жана Кожент тоолорунун аймагында кара кытайлар доорунда, б.а. XII кылымда эле байырлашкандыгы жана аларга сопулук (суфийлик) тарыкаттар зор таасир тийгизгендиги жөнүндө бүтүм чыгаруу үчүн этнографиялык жана дин таануу жаатындагы өзгөчө олуттуу маалыматтарды калтырышкан.

Ахсыкендиге таандык бул маалыматтар диссертациядагы "Азыркы учурдагы ыйык зыярат жасалуучу жайлардын (кожо жана эшендердин мазары) коомдогу орду" деген бөлүм үчүн маанилүү башаттык маалымат камтый алат.

Диссертант. 101-бетте: "Маалыматчы Сражидинов Баатырбектин айтымында анын 25чи атасы андан кийинки аталары да касида окуган молдолор болгон б.а. мындан 7 кылым мурун эле биз изилдеген өрөөндө исламдын суфизмине таандык болгон касида окуган молдолор кыргыздардын жана жергиликтүү элдердин арасында болсо, анда суфизмдин инсандарынын сөөгү жаткан жерлердин ыйыкталышы андан алдын болгондугуна толук дал келет," – деп жазат. Эгерде 25ти бир муун 25 жыл деп көбөйтсөк, чынында да 625 жыл (дээрлик 7 кылым) келип чыгат. Демек, Ахсыкенди сыяктуу жазма эмгек жараткандардын эмгектерин этнографиялык талаа материалдарына салыштыруу өзгөчө алгылыктуу.

Ферганадан чыккан кыргыз айдыңдарынын арасында Молдо Исак Асан уулу (Полот хан), Молдо Нияз, тарыхчы Зиябидин Максым (Зия уд-Дин Магзуми) жана башкалар маалым.

Мисалы, кыргыз жазма поэзиясынын ири өкүлү, таланттуу акын Молдо Нияз Эрназар уулу (1823 – 1905-жылдан кийин) жазган чыгармалардын мазмунун айрым талаа материаларына салыштыруу абзел. "Жан эгем берер жаннатти // О дүнүйанин давлатин" деп Молдо Нияз Курманжан даткага кайрылып жазган ыр саптарында "эгем" сөзү бар. (Караңыз: Молло Нияз. Санат дигарасттар. Түзгөндөр: Р.Зулпукаров, О.Сооронов. Бишкек: "Учкун" концерни, 1993. – 176 б. – Б. 106). Исламга кирбеген Шибер жана Алтай түрк элдеринде кайсы бир жердин же тоонун "ээси" ("ээзи") деген шамандык түшүнүк бар эмеспи. Мисалы, азыркы алтай элинде, анын ичинде алтай-кижи этностук тобунда, "Алтай ээси" ("Алтай ээзи"), "тийешелүү жерлердин ээси" ("јерлердиҥ ээзи"), "Тоонун ээси" ("туунын ээзи"), "бел, дабан же ашуунун ээси" ("ажу ээзи") диний түшүнүктөрү сакталган. (Караңыз: Екеева Э.В., Муйтуева И.Н., Ойношев В.П. Символика и обрядность в традиционной

культуре алтайцев: Сетевое электронное научное издание. – Горно-Алтайск: БНУ РА «НИИ алтаистики им. С.С. Суразакова», 2020. – 272 с. – Здесь: С. 6. – https://www.niialt.ru/attachments/article/399/280120-2_ekeeva_ee.v.__muytuev.pdf)

Демек, диссертант Махмуд Кашгари Барскани, Молдо Нияз сыяктуу ж.б. инсандардын чыгармаларын да, тектеш элдердин этнографиясынын маалыматы камтылган булактарды да изилдөөдөгү зарыл булактар катары болочокку китебинде эскере кетүүсү абзел.

Диссертацияда сейиттер (“саййид” – Али пайгамбардын урпагы) менен кожолорду чаташтырган түшүнүк да бар: “Кожолор ислам динин Орто Азияда анын ичинде азыркы Кыргызстандын аймагына таркалуусуна түздөн түз тиешеси бар, араб улутунун өкүлдөрү болуп саналат.” (101-бет), деп изденүүчү жазат.

Иш жүзүндө “кожо” деген сопулук ардактуу наамга татыгандар чөлкөмдөгү түрк тилдүү элдерден эле чыгышкан. Маселен, Ахмет Йассави, Махдум-и Аззам жана башка түрк элдеринен чыккан далай даанышмандар “кожо” катары урматталышкан.

Чыгыш Теңир-Тоо менен Ак-Тоодо өз ара айыгыша күрөш жүргүзгөн түрк тилдүү “кара-тоолук” жана “ак-тоолук” кожолордун топтору болгон. Алар эч кандай арап тегинен эмес эле.

Айрым илимий эмгектер эске алынган эмес. Маселен, казакстандык ислам таануучу Аширбек Муминовдун ханафийлер ж.б. жаатында бир катар баалуу монографиялары бар. Биздин ыраматылык Бейше Урстанбеков агай менен жазган макалабыз (Чороев Т.К., Урстанбеков Б.У. Основные этапы распространения ислама в Киргизстане в VII-XIV вв. // Вопросы истории материальной и духовной культуры Киргизстана: Сб. науч. ст. / Отв.ред. А.А.Асанканов. – Фрунзе: КирГУ, 1987. – С. 28–44) жана XI кылымдагы даңазалуу этнограф бабабыз Махмуд Кашгари Барскани жана анын ар кыл диндердин өкүлдөрүнүн терминдерин мыкты чагылдырган көөнөргүс этнографиялык мурасы тууралуу эмгектерибиз да Ферганадагы ислам жана башка диндер жаатындагы айрым маалыматтарды камтыйт. Алар изденүүчү тарабынан эч пайдаланылган эмес.

Кыргыздардын жана Кыргызстандын тарыхы боюнча булактардын котормолору камтылган материалдар (МИКК – “Материалы по истории кыргызов и Кыргызстана”) орус жана кыргыз тилдеринде жарык көргөн. Андагы булактар да пайдаланылышы керек болчу.

Албетте, бул сыяктуу айрым кемчиликтер диссертанттын жалпы эмгегинин илимий жетишкендиктерин эч жокко чыгара албайт жана диссертациянын теориялык жана практикалык жыйынтыктарына олуттуу кесепетин тийгизе албайт.

**9. Диссертациянын Кыргыз Республикасынын Улуттук Аттестациялык комиссиясынын талаптарына шайкештиги**

Изденүүчү Нурия Эрмекбаевна Сапиева айымдын тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн, 07.00.07 – этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча жазылган “Азыркы мезгилдеги кыргыздардын ислам динине чейинки ишенүүлөрүнүн жашап келиши (Фергана өрөөнүнүн түштүгүнүн мисалында)” деген аталыштагы кандидаттык диссертациясы жогорку кесипкөйлүк деңгээлде аткарылган жана Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Кыргыз Улуттук аттестациялык комиссиясынын квалификациялык талаптарына толук жооп берет.

Диссертациялык изилдөөнүн бөлүмдөрүнүн жана параграфтарынын мазмуну логикалык жактан туура жана ырааттуу коюлган. Диссертация заманбап концептуалдык ык-амалдардын негизинде аткарылган жана “Илимий даражаларды ыйгаруу эрежелеринин” талаптарына мыкты жооп берген, толугу менен бүткөрүлгөн илимий иш деп санайбыз. Сунушталган иштин мазмуну талаптанган паспортко толугу менен жооп берип, 07.00.07 – этнография, этнология жана антропология адистигине төп келет жана бул эмгек жакталып жаткан Диссертациялык кеңештин адистик багытына өзгөчө ылайык келет.

Изденүүчү Нурия Эрмекбаевна Сапиева айымдын жактоого сунушталган диссертациясы заманбап илимий талаптарга дал келет, ал эми изденүүчү 07.00.07 – этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты илимий даражасын алууга толук татыктуу деп эсептейбиз.

Биз диссертанттын бул илимий иликтөөсүн (айрым сунуш жана сын пикирлерибизди эске алуу менен) тез арада кыргыз жана башка тилдерде монография түрүндө жарыялоосуна толук тилектешпиз.

*Расмий оппонент*:
тарых илимдеринин доктору,
профессор: Т.К.Чоротегин (Чороев)

19.05.2025.

Бишкек шаары, Кыргыз Республикасы.

*Ж.Баласагын атындагы КУУнун Чөлкөм таануу жана кыргыз таануу кафедрасынын профессору Т.К.Чороевдин (Чоротегиндин) койгон колун тастыктайм:*

КБ башчысы М.Т. Курманаева